Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн

1999-жылдын 2-сентябрындагы N 473

токтому менен бекитилген

Жумушчуларды өндүрүштөн ажыратуу менен квалификациясын

жогорулатуу жана кайра даярдоонун башка маселелери жана

акы төлөө жөнүндөгү

ЖОБО

1. Жумушчулардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даяр,д,оо системасы өндүрүштөн ажыратуу менен жана ажыратпастан туруп окутуунун түрдүүчө формаларын камтыйт. Бул Жободо окуу мөөнөтү ичинде негизги ишинен бошотуу менен окутуу аркылуу жумушчулардын квалификациясын жогорулатуунун чен-өлчөмдөрү жана кепилдиктери аныкталган.

2. Квалификацияны жогорулатуу:

- министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик ведомстволордун квалификацияны жогорулатуу институттарында жана бул институттардын ири ишканаларга караштуу филиалдарында;

- тармактар аралык квалификацияны жогорулатуу институттарында;

- жогорку окуу жайларына караштуу квалификацияны жогорулатуу факультеттеринде;

- министрликтерге, мамлекеттик комитеттерге жана административдик ведомстволорго караштуу квалификацияны жогорулатуу курстарында;

- ишканаларга, илимий-изилдөөчү жана долбоорлоо-конструктордук уюмдарына, жогорку жана атайын орто окуу жайларына караштуу квалификацияны жогорулатуу курстарында;

- чет өлкөлөрдөгү окутуучу уюмдарда жүргүзүлөт.

3. Министрликтерге, мамлекеттик комитеттерге жана административдик ведомстволорго караштуу квалификацияны жогорулатуу институттарында жана алардын филиалдарында, тармактар аралык институттарында квалификацияны жогорулатуу факультеттеринде жана курстарда окуу мөөнөтү өндүрүштөн ажыратылуу менен эки айга чейин, ал эми ишканаларга, илимий-изилдөө жана долбоорлоо-конструктордук уюмдарга караштуу курстарда, жогорку жана орто атайын окуу жайларда өндүрүштөн ажыратылуу менен бир айга чейин, чет өлкөлүк окутуучу уюмдарда - тараптардын макулдашуусу боюнча белгиленет.

4. Квалификацияны жогорулатуу факультеттерине ишканалардын, уюмдардын же мекемелердин кызматкерлеринин ичинен жогорку билимдүү адамдар, институттарга жана квалификацияны жогорулатуу курстарына жогорку, атайын орто жана жалпы орто билимдүүлөр жөнөтүлөт.

5. Өндүрүштөн ажыратылуу менен окутулуп жаткандардын негизги иштеген жери боюнча орточо эмгек акысы сакталат, бирок ал айына 20 минималдуу эмгек акыдан ашпоого тийиш.

6. Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы аймактарында иштеген адамдардын орточо эмгек акысы райондук коэффициенттерди эсепке алуу менен эсептелет. Мында окуу жайларынын жана квалификацияны жогорулатуу курстарынын жайгашкан орду эч кандай мааниге ээ болбойт.

7. Угуучулар окуу мезгилинде жөнөткөн тараптын эсебинен турак жай менен камсыз болушат. Берилген турак-жайдан баш тарткандардын чыгымы төлөнбөйт. Окуу жайына барып келүүчү жол акысы жана жолдо жүргөн суткалык акынын наркы, жөнөткөн тараптын эсебинен төлөнөт.

8. Республиканын чегинен тышта квалификацияны жогорулатууда жана кайра даярдыктан өтүүдө чыгымдар макулдашууга ылайык:

- жөнөткөн тараптын;

- чакырган тараптын;

- угуучунун эсебинен төлөнөт.